DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Байышова Г.Ж., Мамышов К.Ч.*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК АДИСТЕРДИ ДАЯРДООДО ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫ УЮШТУРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ

*Байышова Г.Ж., Мамышов К.Ч.*

# ОРГАНИЗАЦИЯ И ПРОВЕДЕНИЕ ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ПРАКТИКИ В ПОДГОТОВКЕ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ КАДРОВ

*G.Zh. Baiyshova, K.Ch. Mamyshov*

# CONDUCT AND ORGANIZATION OF ETHNIC-PEDAGOGICAL PRACTICE IN PREPARING PEDAGOGICAL PERSONNEL

*УДК: 378:38:51*

*Макалада педагогикалык окуу жайларындагы студенттерди кесипке даярдоодогу этнопедагогикалык практиканын уюштурулушу жана өткөрүлүшү өтө зарыл болгон муктаждык деп эсептелгендиги жана ушунун негизинде кыргыздын нукура педагогикасын өз алдынча иликтеп үйрөнүүгө чоң бир жол ачылат деген ишенич бар. Ошондой эле, этнопедагогикалык практиканын элдик чыгармачылык ойлордун эл массасынын арасынан жыйналышы жана алардын илимий негизде кайрадан иштелип чыгуу жолдору каралган. Этнопедагогикалык практика жалпы окуу жайлардын деңгээлиндеги педагогикалык жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо системасынын маанилүү бир органикалык бөлүгү болуп эсептелинип, элдик педагогиканын каада-салттарын, үрп-адаттарын жана тарбиялык каражаттарын мектептерде, айрыкча башталгыч билим берүү системасындагы окуу-тарбия иштеринде кеңири жайылтуу, аларды жигердүү пайдалануу сыяктуу орчундуу теориялык жана практикалык маселелерди чечүүдө чоң рол ойнойт. Ошол себептүү эл оозунан, элдин жашоосунан жыйналган этнопедагогикалык материалдар өзүнүн эмпирикалык чоң таасирдүүлүк мүнөзү менен кескин айырмаланары айтылат.*

***Негизги сөздөр**: этнопедагогика, эмпирика, прогрессивдүү каада-салттар, менталитет, элдик педагогика, тарбиялык каражаттар.*

*В настоящей статье рассматриваются актуальные вопросы проведения и организации этнопедагогической практики в подготовке педагогических кадров. Особое внимание уделяется на роль кыргызской этнопедагогики в подготовке педагогических кадров в современных условиях. Изучение народных традиций кыргызского народа, в частности, уважение старших, отношение к труду, почитание родителей, патриотизм и другие народные ценности в воспитательном процессе оказывают непосредственное влияние на формирование личности молодого поколения. С развитием научного технического прогресса роль народных традиций в воспитании студентической молодёжи возрастает. Этнопедагогика – как наука имеет огромные потенциальные возможности в этом направлении. Использование неограниченные, потенциальные возможности этнопедагогики в подготовке педагоги-ческих кадров даст положительные результаты. Ведь народная педагогика появилась в древности. С историческим развитием общества она завоевала большой авторитет в народе. Именно сам народ является историческом лечших народных средств. В статье анализируются основные народные методы воспитания. Подчеркивает гуманистический характер воспитательных средств народной педагогики. Особо выделяет гражданский пафос, патриотизм, трудолюбие, человеколюбие народных традиций кыргызского народа. Этнопедагогическая практика в подготовке педагогических кадров занимает особое место.*

***Ключевые слова:** этнопедагогика, эмпирика, прогрессивные традиции, менталитет, народная педагогика, воспитательные средства.*

*This article discusses current issues of conducting and organizing ethnopedagogical practices in the training of teachers. Special attention is paid to the role of the Kyrgyz ethnopedagogy in the training of teachers in modern conditions. Studying the folk traditions of the Kyrgyz people, in particular, respect for elders, attitude to work, honoring parents, patriotism and other folk values in the educational process have a direct impact on the formation of the personality of the young generation. With the development of scientific technical progress, the role of folk traditions in the upbringing of student youth is increasing. Ethnopedagogy - how science has great potential in this direction. The use of unlimited, potential possibilities of ethnopedagogy in the training of teachers will give positive results. After all, folk pedagogy appeared in antiquity. With the historical development of society, she won great prestige among the people. The people themselves are historical folk remedies. The article analyzes the main national methods of education. Emphasizes the humanistic nature of the educational tools of folk pedagogy. He especially emphasizes civic pathos, patriotism, diligence, humanism of the folk traditions of the Kyrgyz people. Ethnopedagogical practice in the training of pedagogical personnel occupies a special place.*

***Key words:** ethnopedagogics, empirics, progressive traditions, mentality, folk pedagogy, educational means.*

Дүйнөлүк цивилизациянын ааламдашуу процессинде көчмөн менталитетке ээ кыргыз журтчулугу кадимки эле каада-салтка, үрп-адаттарга, кылымдарды карыткан санжырага байгер эл экендиги дүйнөлүк коомчулукка маалым болуп келген.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Дүйнөлүк жана жергиликтүү калың-катмар прогрессивдүү жана интеллектуалдуу массанын элдик педагогикага болгон кызыгуулары уламдан-улам артып, арылаган сайын күчөп бараткандыгына ачык-айкын эле күбө болуп жатабыз. Айкын мисал катары улуттук педагогиканын көп тармактуу маданиятын өркүндөтүү жана элдик педагогиканын көп тармактуу маданияттын заманбап түзүлүштө кайра иштеп чыгуу жана ушул өңүттө үй-бүлөлүк шарттарда, бала бакчаларында, мектептерде, айрыкча кенже класстарда, бул баалуулуктарды орто жана жогорку окуу жайларында практика жүзүндө активдүү колдонуунун теориясын, усулдары жөнүндө көптөгөн ой-пикирлерди газета-журналдардын беттеринде жарыяланышын, теле-радиолордон берилип жаткан программалардын, областтык, республикалык масштабдык деңгээлде өткөрүлүп жаткан төгөрөк столдордо, илимий-практикалык конференциялар менен кошо 2016-жылы таасир калтыраарлык мүнөздөгү мамлекетибизде өткөрүлгөн экинчи «Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын» жүрүшүндөгү таасын чагылдырууларды баса белгилөөгө болот.

«Элдик педагогиканын прогрессивдүү тарбиялык идеяларынын өзөгүн элдик педагогикалык маданияты түзөт» [1] - мындан жарым кылым мурда эле «Чуваш элинин этнопедагогикасы» [2], кийинчерээк, 1974-жылы «Этнопедагогика» деп аталган залкар эмгектеринде, этнопедагогика илиминин негиздөөчүсү академик Волков Г.Н белгилеп кеткен.

Г.Н. Волков «Педагогикалык маданият – бул балдарды тарбиялоо менен түздөн-түз байланышкан элдин руханий жана материалдык маданиятынын өзөгү. Алар - бешик ырлары, оюнчуктар, оюн ырлары, балдардын кийимдери, кыймылдуу оюндар, балдардын эмгегинин куралдары, балдар эмгеги, балдарды тарбиялоонун эрежелери, балдар фолклору, салттуу болуп калган балдар майрамдары, санат ырлары, спорттук мелдештер, өсүп келе жаткан муундарды турмушка даярдоого болгон элдин эмпирикалык (турмуштук тажрыйба) көз караштары» [3] - деп белгилейт.

Демек, элдик педагогиканын маданиятын, турмуштук тажрыйбасын практика жүзүндө максаттуу пайдалануу, ошондой эле мазмундуу пайдалануу илимий педагогиканын кечиктирилгис милдети. Элдик педагогиканын илимий педагогикадан айырмасы – элдик педагогика толугу менен негизделинип, турмуш менен тыгыз айкалыштырылып, окуу-тарбия процессинде атайын материал катары такай колдонулуп келе жаткан эмгектери, же болбосо калың катмар массанын эсинде түбөлүккө сакталып калынган таланттуу педагогдордун аттары так көрсөтүлбөйт. Элдик педагогиканын залкар ойлору, биринчиден, өз убагында тарыхый шарттарга жараша кагаз бетине түшүрүүгө мүмкүн болбогондуктан, экинчиден, педагогикалык идеялар жалпы элдик пикирге айланып кеткендиктен автордук ээчиликке негиз калган эмес. Мисалы: Бүткүл ааламга белгилүү кыргыз элинин элдик философиясын, психологиясын, маданиятын педагогикасын толук камтыган «Манас» баатырдык эпосу жогорудагы ойлорго далил болуп бере алат. «Манас» эпосунун кыргыз элине тийиштүү көлөмдүү чыгарма экендигин белгилүү этнограф-тарыхчылар Ч.Валиханов, В.Радлов, В.Бартолддор өз эмгектеринде белгилеп кеткендиги баарыбызга малым.

Ошондон улам жогоруда белгиленген орчундуу этнопедагогикалык көйгөйлөрдү иликтөө, тактоо, системалаштыруу биздин кечиктирилгис милдет. Рахимова М.Р. белгилегендей: «Дүйнөдө болуп жаткан зор өзгөрүүлөр жана анын ичинен Кыргызстандын коомдук-экономикалык өнүгүүсүнө эгемендүүлүк доорунда тийгизген таасири элге билим берүүнүн өнүгүүсүнүн проблемаларына көп жагынан жаңыча кароого, көнүп калган стереотиптерден жана эски көз караштардан баш тартууга, бир катар баалар менен натыйжаларга, зарыл болгон өзгөрүүлөрдү киргизүүгө аргасыз кылууда. Анткени, азыркы ачык дүйнө мезгили, базар экономикасы, дүркүрөп өсүп жаткан илимий техникалык прогресс, маалымат технологиясынын жогорку деңгээлге жетиши, балдардын, айрыкча башталгыч класстын окуучуларынын дүйнөгө болгон көз караштарын, аң-сезимин, психологиясын түп-тамырынан өзгөртүүдө» [4] - деп жазат.

Ошол себептүү педагогикалык окуу жайларындагы студенттерди кесипке даярдоодогу этнопедагогикалык практиканын уюштурулушу жана өткөрүлүшү өтө зарыл болгон муктаждык деп эсептелинет.

Ушунун негизинде биз сунуштап жаткан этнопедагогикалык практиканы уюштуруу жана өткөрүүдөгү кыргыздын нукура педагогикасын өз алдынча иликтеп үйрөнүүгө чоң бир жол ачылат деген ишеничтебиз.

Кыргыз эли Борбордук Азиядагы эң байыркы түптүү элдерден экендиги жалпыга малым. Таң калмак турмай, жер карап уяла турган көрүнүш, биз кыргыздар учурда 30 миллиондон ашуун уйгур элинин, 25-26 миллионго чукул күрдтөрдөн, ал эми 20 миллиондон ашуун эли бар дунгандардан айырмаланып, өз мекенибиз бар. А биз болсо ушул мезгилге чейин өзүбүздүн улуттук маданиятыбызды, аны өнүктүрүүгө зор салым кошкон атактуу инсандарыбыздын, агартуучуларыбыздын аттарын атоодон жаа бою качып келгенбиз, коркконбуз, уялганбыз. Алардын өз доорунда сырткы жана ички жоолордон ыйык мекенибиз Ала-Тоону коргоого, жаш муундарды биримдикке, достукка тарбиялоого, ата-журтубуздун бейпил турмушу үчүн талбай эмгектенүүгө үндөгөн не бир сонун тарбиялык идеяларын, уулу дастандарга татыктуу ой-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



пикирлерин алигиче иликтеп, толуктап, илимий системага киргизе элекпиз, жазалбай жүрөбүз.

Канткенибизде да, муундан-муунга өткөрүлүп берилип жаткан бай, руханий мындай баалуу мурастарды, түгөнгүс кенч-казыналарды биз канчалык туу тутуп, терең изилдеп, түгөлдөп, туура баалап пайдалана билген сайын, алар бизге сырдуу дүйнөсүнүн байлыктарынын ачкычын бере бермек.

Биз сунуштап жаткан этнопедагогикалык практиканы уюштуруу жана аны өткөрүү методикалык туура багыт менен, пландуу, системалуу түрдө чабал уюштурулбай жаткандыгы өкүнүчтүү абалга алып келген.

Этнопедагогикалык практика жалпы окуу жайлардын деңгээлиндеги педагогикалык жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо системасынын манилүү бир органикалык бөлүгү болуп эсептелинип, элдик педагогиканын каада-салттарын, үрп-адаттарын жана тарбиялык каражаттарын мектептерде, айрыкча башталгыч билим берүү системасындагы окуу-тарбия иштеринде кеңири жайылтуу, аларды жигердүү пайдалануу сыяктуу орчундуу теориялык жана практикалык маселелерди чечүүдө чоң рол ойнойт.

Элдик педагогиканын таасирдүү, жогорку идеялуу маданиятын окуп үйрөнмөйүн, аларды таанып билмейин, алдыбызда турган тарбиянын көп кырдуу көйгөйлөрүн чечүүгө батынып кирише албайбыз.

Ал эми педагогикалык окуу жайларындагы студенттерди кесипке даярдоодогу этнопедагогикалык практиканы өткөрүүдө, сөзсүз түрдө төмөндөгүдөй талаптарды эске алуу менен жүргүзүлөт:

- Этнопедагогикалык практиканы өтөөгө чейин ар бир студент – КР Конституциясына, КР Элге билим берүү мыйзамындагы мектептердин уставындагы окуу-тарбия процессине тийиштүү болгон жоболорду, актыларды, көрсөтмөлөрдү кылдаттык менен окуу, аң-сезимдүүлүк менен жоопкерчиликке таянуу аркылуу өздөштүрүүсү зарыл.
- Окуу планын көрсөтүлгөндөй студенттер сөз-сүз түрдө этнопедагогикалык практиканы өтөөгө милдеттүү.
- Студенттерди жер-жерлеринде этнопедагогикалык практиканы өтөөгө психологиялык жана усулдук жактан кылдаттык менен даярдоо.
- Студенттердин этнопедагогикалык багыттагы илимий иштеринин теориялык билимдерин тереңдетүү максатында дүйнөлүк жана Кыргызстандагы илимине негиз салуучуларынын же изилдөөчүлөрүнүн эмгектери менен жакындан тааныштыруу.
- Практика өтөө мезгилине чейин этнопедагогикалык багыттагы жекече теориялык жана практикалык билимдерин бышыктоо максатында этнопедагогикалык көйгөйлөргө байланыштуу уюштурулган кечелерге, жолугушууларга, мектептеги педагогикалык кеңешмелерге, элдик курултай, жыйындарга, студенттердин илимий-практикалык конференцияларына катышуу жана аларды жогорку уюшкандыкта өткөрүүгө жакындан көмөк көрсөтүү.
- Факультетте уюштурулган «Этнопедагогика» илиминин жана аты аталган кабинеттин жумушчу программасында көрсөтүлгөн иш чараларынын аткарылышына активдүү катышуу менен «Этнопедагогика» аттуу ай сайын чыгарылуучу дубал газетанын такай чыгарылып турушуна көмөктөшүү.
- Этнопедагогикалык практика мезгилинде жыйналган материалдардын негизинде жана алардын жалпы жыйынтыктарын иреттүү түрдө системалаштыруу. Жалпы этнопедагогикалык практиканын жыйынтыктары боюнча «Эсеп баракчаларын» (отчет) даярдоо менен кошо факултетте өткөрүлө турган «этнопедагогика» предметине тийиштүү сынакка даярдануу.
- Жыйналган материалдарга таянып атайын жыйынтык конференциясына даярдык көрүү.
- Элдик педагогиканын кылымдардан бери колдонулуп келе жаткан тарбия берүүнүн прогрессивдүү каада-салттарын, үрп-адаттарын, элдин жашоого болгон көз караштарын, белгилүү жана белгисиз болгон тарбиялык идеяларын жалпы маалымат берүүчү каражаттарынын, эгер ушундай мүмкүнчүлүктөр болсо радио, телевидение, видео, фото, интернет, газета-журналдардын) жардамы аркылуу этнопедагогикалык ой-пикирлерди, сынпикирлерди, макалаларды жарыкка чыгарып, калың массага, балдар бакчаларында, мектептерде, жогорку окуу жайлары менен башка билим берүүчү мекемелерде кеңири жайылтууга жетишүү.

Педагогикалык окуу жайларындагы студенттерди кесипке даярдоодогу этнопедагогикалык практиканы уюшкандык менен өткөрүү, жогоруда белгиленген башталгыч класстын мугалимдеринин элдик педагогиканын эң баалуу тарбиялык каражаттарын окуу-тарбия процессинде үйрөнүүгө жана аларды башталгыч билим берүү системасынын практикасында колдонууга болгон ички ынтызарлыгын күчөтүүгө,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ошондой эле этнопедагогикалык практикага катышкан студенттерди ушул багыттын нугунда илимий иштерге тартуу максатындагы чоң мүмкүнчүлүктөргө белгилүү өлчөмдөгү шарттар түзүлүп кааларына толук негиз бар.

Ошентип, педагогикалык окуу жайларындагы студенттерди кесипке даярдоодогу этнопедагогикалык практиканы окуу тарбия процессинин маанилүү бир тармагы катарындагы келечектеги башталгыч класстын мугалимдеринин этнопедагогикалык көйгөйлөр боюнча көз караштарын, аларга болгон теориялык, практикалык, методикалык жана психологиялык даярдыктарын мындан ары калыптандырууга болгон бөксөөлүктөрүн толуктоого кызмат кылмакчы жана этнопедагогикалык практиканын жыйынды материалдары окуу китептеринен, массалык кабар берүүчү каражаттарынын ж.б.у.с. булактардан даяр кулинардык түрдө жыйналбастан, накта эл ичинен, эл оозунан, элдин жашоо турмушунан жүзмө-жүз түрдө иликтенип, жыйналып, өзүнүн эмпирикалык (турмуштук практика, турмуштук тажрыйба) таасирдүүлүгүн жана керектүү баалуулугун толук айгинелегенге шарт түзүп берет.

Элдин пикири – бул эл массасынын эл массасынын жападан жалгыз этикалык жүрүм-турумдарынын калыптанышына болгон чектөөлөрүнүн жыйындысы. Ошол себептүү эл оозунан, элдин жашоосунан жыйналган этнопедагогикалык материалдар өзүнүн эмпирикалык чоң таасирдүүлүк мүнөзү менен кескин айырмаланат.

**Адабияттар:**


1. Волков Г.Н. Этнопедагогика. - Чебоксары, 1974.
2. Рахимова М.Р., Панкова Т.В. Кыргызская народная педагогика. - Бишкек, 1993. - 85 с.
3. Абдыраимова Р.А. Кыргызская этнопедагогика и воспитание детей. - Киев: Довира, 1997. - 187 с.
4. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. Б. 1997
5. Волков Г.Н. Этнопедагогика Чувашского народа. - Чебоксары, 1958.
6. Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы: Окуу куралы. - Бишкек, 2002. - 340 б.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Арынбаев Э.К.**